| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 17-февралы № 140 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагындагы ички чарба каналдарын Талас башкы суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагындагы ички чарба каналдарын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 "Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү" жөнүндөгү токтомду аткарууга алуу боюнча Талас башкы суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү боюнча Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз 14-сессиясынын кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагындагы ички чарба каналдарын тиркемеге ылайык Талас башкы суу чарба башкармалыгынын менчигине өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

Төрага Т.Бейшеналиев

IX-чакырылышынын кезексиз
14-сессиясынын 2026-жылдын 17-
февралындагы № 140 токтомуна
тиркеме

## Чоң-Алыш айыл аймагындагы ички чарбалык каналдардын тизмеси

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Чат Базар айылы в/х к-л Шейрен | З/Нст.жер каналы | 7,7 | 1-1,5 | 0,3 | 1968 |
| 2 | Чат-Базар айылы в/х к-л Таш Мойнок-2 | З/Нст.жер каналы | 6,6 | 2 | 0,5 | 1968 |
| 3 | Чат-Базар айылы в/х к-л Жаны Арык | З/Нст.жер каналы | 3,7 | 1,5-2 | 1,5 | 1961 |
| 4 | Чат-Базар айылы.в/х к-л Таш Мойнок-1 | З/Нст.жер каналы | 4,2 | 1,5-2 | 0,2 | 1970 |
| 5 | Чат Базар айылы в/х к-л Доргонбай | З/Нст.жер каналы | 1,6 | Түз эмес, жер нугу | 0,05 | 1970 |
| 6 | Чат-Базар айылы в/х к-л Х-1 | З/Нст.жер каналы | 24 | 1,5-2 | 0,5 | 1961 |
| 7 | Чат-Базар айылы в/х к-л Х-1-1 | З/Нст.жер каналы | 2,5 | 1,5-2 | 0,2 | 1961 |
| 8 | Чат-Базар айылы в/х к-л Х-1-2 | З/Нст.жер каналы | 3 | 1,5-2 | 0,2 | 1961 |
| 9 | Ак-Сай айылыв/х к-л Жалгызтал | З/Нст.жер каналы | 2,8 | 1-1,5 | 0,3 | 1961 |
| 10 | Ак-Сай айылы в/х к-л Байсеит | З/Нст.жер каналы | 3,5 | 1-1,5 | 0,3 | 1980 |
| 11 | Ак-Сай айылы в/х к-л Кочокбай | З/Нст.жер каналы | 2,1 | 1,5 | 0,2 | 1961 |
| 12 | Ак-Сай айылы в/х к-л Чон-Алыш | З/Нст.жер каналы | 5,9 | 1-1,5 | 0,3 | 1961 |
| 13 | Ак-Сай айылы в/х к-л Медербек | З/Нст.жер каналы | 2,1 | 1-1,5 | 0,3 | 1980 |
| 14 | Ак-Сай айылы в/х к-л Тулекабыл | З/Нст.жер каналы | 6,6 | 1-1,5 | 0,2 | 1980 |
| 15 | Ак-Сай айылы в/х к-л Тегирмен | З/Нст.жер каналы | 1,2 | 1,2 | 0,5 | 1980 |
| 16 | Кара-Суу айылы в/х к-л Доргонбай | З/Нст.жер каналы | 1,6 | 1-2 | 0,2 | 1980 |
| 17 | Кара-Суу айылы в/х к-лЧейне | З/Нст.жер каналы | 3,3 | 1-2 | 0,2 | 1980 |
| 18 | Кара-Суу айылы в/х к-л Тынаалы | З/Нст.жер каналы | 0,8 | 1-2 | 0,5 | 1980 |
| 19 | Кара-Суу айылы в/х к-л Чурпо | З/Нст.жер каналы | 0,4 | 1,5-2 | 0,3 | 1980 |
| 20 | Кара-Суу айылы в/х к-л Данбагар | З/Нст.жер каналы | 10,4 | 3,5 | 0,4 | 1980 |
| 21 | Кара-Суу айылы в/х к-л Болтурук | З/Нст.жер каналы | 2 | 1,5 | | |
| | **Бардыгы Чон-Алыш а.аймагы боюнча** | | **96** | | | |

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҤ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҤЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоҥ-Алыш айылдык кеҥешинин IX-чакырылышынын кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 17-февралы № 141 Манас айылы

**№110 кесиптиктик лицейине Абыкеев Капар Сатыбалдиевичтин атын ыйгаруу жөнүндө**

Чоҥ-Алыш айыл аймагынын Манас айылында жайгашкан № 110 кесиптик лицейинин инженер-педагогикалык кеҥешинин кезексиз чогулушунун протоколу менен таанышып чыгып, талкуулап Чоҥ-Алыш айылдык кеҥешинин IX - чакырылышынын кезексиз 14-сессиясынын кеҥешмеси **токтом кылат:**

1. №110 кесиптик лицейине Абыкеев Капар Сатыбалдиевичтин атын ыйгарууга макулдук берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы № 110 кесиптик лицейинин директору Т. Кашкаралиевке милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык маселелери ММК коомчулук менен иш алып баруу жана депутаттык адеп, ишмердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз**
**14-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 17-февралы № 142 Манас айылы

**“Манас айылына 250 КВТ трансформатор “ТП”**
**орнотуу боюнча”**

Манас айылындагы ЖБИ заводун электр энегиясы менен камсыздоо үчүн трансформатор “ТП” орнотуу боюнча, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чегиндеги Манас айылынын №472 чөйрө сызыгындагы жалпы 9 чарчы метр жер аянтына трансформатор “ТП” орнотууга макулдук берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 17-февралы № 143 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагындагы калкын ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө тарифтерди белгилөө жөнүндө**

"Ичүүчү суу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле Чоң-Алыш айылдык кеңештик туруктуу комиссиянын корутундусун угуп талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 14-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын абоненттерин ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүү төмөнкү тарифте бекитилсин.
   Чат-Базар айылына
   -тарифтик төлөм ар бир түтүнгө ай сайын 100сом;
   - май, июнь, июль, август айларында ар бир түтүнгө 200сом;
   - биринчи жолу үйүнө суу киргизгенде бир жолку төлөм 2000сом;;
   - коммерциялык объекттер үчүн ай сайын 300сом;
   - Талас райондук К.Токтогулов атындагы ооруканасы кварталына 25000 миң сомдом жылына 100 000 (бир жүз миң);
   - Талас РОВДга караштуу ПОМуна, А.Эшалиева атындагы балдар бакчасына, А.Оторбаев атындагы орто мектебине, ӨКМ дин Чат-Базар бөлүмүнө квартал сайын 10 000 миң сомдон жылына 40 000 (кырк миң) сомдон өлчөмүндө.

   Манас айылына
   -тарифтик төлөм ар бир түтүнгө ай сайын 100сом өлчөмүндө;
   -коммерциялык объектер үчүн ай сайын 300сом өлчөмүндө.
2. Бекитилген тарифтер 2026-жылдын 17- февралынан баштап Чоң-Алыш айыл аймагында колдонууга киргизилсин.
3. Ушул токтом Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Чоң-Алыш айыл кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**